ISSN 0132-618X
ISSN 1694-8602 (online)
1928-жылдан баштап чыгууда

# ЭЛ АГАРТУУ

## «УЛУТТУК ДЕМ – ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК УҢГУЖОЛУ – ТААЛИМ-ТАРБИЯДА»

*илимий-практикалык симпозиуму*



2025, №5-6

 DOI:10.34855/elagartuu2025.5-6 

**Кудайкулова Ж.А.,**
*Ош билим берүү институту*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДАГЫ ТАРБИЯЧЫНЫН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

***Аннотация.*** Макалада Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын багыты, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-майындагы №257 токтомуна ылайык бекитилген КР "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандартындагы мектепке чейинки курактагы балдардын негизги компетенциялары, аны калыптандырууда тарбиячылардын ишинин мазмуну каралган. Ошондой эле мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жүргүзүлүүчү тарбиячылардын иш кагаздарынын мазмуну, башкача айтканда, педагогикалык, медициналык жана финансылык багытта жүргүзүлүүчү иш кагаздарды көрсөтөт.

**Түйүндүү сөздөр:** *стандарт, токтом, типтүү нускама, компетенция, методикалык сунуш, системалуу иш кагаздар, окуу, медициналык, финансылык документтер, диагностикалык карта.*

## АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ВОСПИТАТЕЛЯ В СИСТЕМЕ ДОШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Аннотация.*** В статье рассматриваются направления государственного образовательного стандарта общего образования КР в соответствии с постановлением Кабинета Министров КР от 14 марта 2025 года № 131, основные компетенции дошкольников в государственном образовательном стандарте КР «Дошкольное образование и уход за детьми», утвержденном в соответствии с постановлением Кабинета Министров КР от 15 мая 2025 года № 257, и содержание работы воспитателей по его формированию. Также показано содержание документации воспитателей в дошкольных образовательных организациях, то есть документооборот по педагогическому, медицинскому и финансовому направлениям.

**Ключевые слова:** *стандарт, постановление, типовая инструкция компетенция, методическое предложение, системная документация, образовательные, медицинские, финансовые документы, диагностическая карта.*

## CURRENT PROBLEMS IN THE PROFESSIONAL PRACTICE OF PRESCHOOL TEACHERS IN EARLY CHILDHOOD EDUCATION INSTITUTIONS

***Annotation.*** This article examines the areas of the state educational standard for general education in the Kyrgyz Republic in accordance with Cabinet of Ministers Resolution No. 131 of March 14, 2025, the core competencies of preschoolers in the state educational standard "Preschool Education and Childcare" of the Kyrgyz Republic, approved in accordance with Cabinet of Ministers Resolution No. 257 of May 15, 2025, and the work of educators in developing it. It also examines the content of educator documentation in preschool educational institutions, including the document flow in pedagogical, medical, and financial areas.

**Key words:** *standard, regulation, standard instruction, competence, methodological proposal, system documentation, educational, medical, financial documents, diagnostic card.*

Мектепке чейинки билим берүү - негизги максаты баланы жашоого жана мектепке баштапкы даярдоо, анын чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү болуп саналган тарбиялоого жана окутууга багытталган билим берүү деңгээли [2].

Ал эми мектепке чейинки курак канча жаштагы балдарды камтый тургандыгы Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдары жөнүндө жободо көрсөтүлгөн [8].

Мектепке чейинки курак - 1 жаштан 6 жашка чейинки баланын физикалык, психикалык жана социалдык калыптануу мезгили [8].

Бул мезгилдеги тарбия берүү жана өнүктүрүү баланын мектепке даярдыгын камсыздайт.Ошондуктан балдардын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүү жана кам көрүү мамлекетибизде учурдун негизги маселелеринин бири болууда.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун педагогу өз ишмердигин уюштурууда мектепке чейинки билим берүүнү жөнгө салуучу нормативдик документтердин талаптарын жетекчиликке алуусу зарыл.

Мамлекетибизде 12 жылдык билим берүүгө өтүү максатында бир топ нормативдик документтер жаңыланды.

Алардын катарында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14- мартындагы №131 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты бекитилди [1].

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү системасы жашоодо өз алдынча жана жоопкерчиликтүү тандоого, чыгармачылык жактан өзүн көрсөтүүгө, коомдо натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө жана өлкөнүн турмушуна активдүү катышууга жөндөмдүү инсанды калыптандырууга багытталган [1].

Ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 15-майындагы №257 токтомуна ылайык бекитилген КР "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандартында мектепке чейинки билим берүүнүн максаттары, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн [3].

КР "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандартында мектепке чейинки билим берүү уюмунун жана үй-бүлөнүн мектепке чейинки мезгилдин аякташына карата ушул Мамстандартты биргелешип ишке ашыруунун натыйжасында 6 жаштагы балдар негизги компетенцияларга (эмоционалдык-инсандык, таанып билүүчүлүк-ишмердүүлүк, социалдык-коммуникативдик, маалыматтык санариптик) ээ жана мектепте окууга даяр окуучулардын ролун өзүнө алууга жөндөмдүү [3].

Мектепке чейинки билим берүүнүн негизги компетенттүүлүктөрү ушул Мамстандарттын 1-тиркемесине ылайык эрте жана мектепке чейинки курактагы балдардын ишинин негизги түрлөрү аркылуу өнүктүрүлөт [3].

Демек, тарбиячы балдар менен биргеликте аткаруучу ишмердүүлүктөрдүн мазмунун эмненин негизинде уюштурат деген суроо жаралбай койбойт.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында компетенцияларды өнүктүрүү боюнча педагогикалык кызматтар КР "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандартынын 2-тиркемеси Мектепке чейинки билим берүү уюмунда болжолдуу күн тартибинде көрсөтүлгөн [3].

Мамстандартта берилген күн тартибиндеги ишмердүүлүктөрдү туура уюштуруу менен балдарда негизги компетенцияларды калыптандыруу милдети тарбиячыларга таандык. Бул милдеттерди чечүүдө тарбиячы өзү компетенттүү болуу керек.

Компетенттүүлүк – интеративдүү инсандык ресурс, өздөштүрүлгөн стратегиялардын эсебинен натыйжалуу иш-аракеттерди камсыз кылат [9, 211-б.].

Компетенттүү мамиле болсо билим берүүнү уюштуруунун методу, мында негизги басым билимди өздөштүрүү гана эмес, балдарда компетенцияларды калыптандырууга башкача айтканда, жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн билимди, көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү жана жеке сапаттарды колдоно билүүгө багытталган [4, 10-б.].

Компетенттүү тарбиячы баланын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыздай алган, заман талабына шайкеш

келген чыгармачыл жана балдар менен өткөрүлүүчү педагогикалык процессти туура уюштуруу маанилүү.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги педагогикалык процесс максаты бар, мазмуну терең жана уюштуруу жагынан документ менен бекемделген чоң адамдар менен балдардын педагогикалык ишмердүүлүктөгү карым-катнашы катары каралат. Ал тиешелүү системаны билдирет, анын компоненттери төмөнкүлөр болуп саналат: мазмун, каражат, усулдар, тарбиячы менен тарбиялануучулардын өз ара мамилелеринин формалары [10, 16-б.].

Тарбиячы күн тартибинде көрсөтүлгөн ишмердүүлүктөрдү жана педпроцессти уюштуруп, баланын коопсуздугун камсыздоо менен өнүктүрүүчү чөйрөнү түзөт, дидактикалык көрсөтмө материалдарды даярдайт.

Ошондой эле, тарбиячыга тиешелүү болгон иш кагаздарын жүргүзөт. Иш кагаздарды жүргүзүү да бир топ убакытты талап кылаары белгилүү.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тарбиячылардын иш кагаздары КР Билим берүү жана илим министрлиги Ага Хан фонду менен биргеликте "Мектепке чейинки жаштагы балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү" боюнча тарбиячылар үчүн тренинг өткөрүлүп, КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген колдонмодо мектепке чейинки билим берүү уюмундагы тарбиячынын документтери 3 багытта көрсөтүлгөн [6, 17-20.]

**Окуу документтери** [6, 17-18.].

1) Иш планы ( перспективдүү, календардык);

2) Ата-энелер чогулуштарынын протоколору;

3) Ата-энелер жана балдар жөнүндө маалымат;

4) Балдардын билимин текшерүү журналы;

5) Жеке өнүгүү планы: билимин өркүндөтүү, тарбиялоо усулдарын өнүктүрүү, саясий-идеологиялык деңгээлди жогорулатуу;

6) Методикалык журнал (семинарларды, пед кеңешмелер, тарбиячылардын чогулуштарынын негизги суроолорун киргизүүчү журнал);

7) Методикалык жыйнактар (ырлар, табышмактар);

8) Тажрыйба алмашуу журналы;

9) Күндөлүк журнал.

**Медициналык документтер** [6, 19].

*А) Ден соолукту чыңдоо журналы:*

- Жылаңаяк жүрүү;
- Муздак сууга түшүү;
- Ачык абада уктоо;
- Пульстук микроклимат;
- Күнгө күйүү;
- Массаж, өзүнө-өзү массаж жасоо.

Ар бир айда ушул чыңдоо ыкмалардын эки-үчөөнү колдонуп туруу жана ар бир айда аларды 1-2ден кошуп көбөйтүү сунушталган.

*Б) Карантин журналы*: Сентябрь айынан башталат, бирок карантин киргизилген учурда гана толтурулат. Кенже тайпаларда тарбиячылар байкоо журналын да толтуруусу зарыл.

*В) Битке каршы журналы* (ар күнү толтурулат).

*Г) Балдардын ден соолугун жана өмүрүн коргоо журналы* (окуу жылынын башында тарбиячылар коопсуздук эрежелерин даярдап, аларды ата-энелерге тааныштыруусу керек.

**Финансылык документтер**[6,20]. Бардык финансылык документтердин номери коюлуп катталып турушу керек.

*А) Ата-энелердин акы төлөө журналы;*

*Б) Оюнчук, китептердин жана окуу материалдардын инвентаризациялоо журналы;*

*С) Катышуу журналы* (5 жыл жүргүзүлөт, балдарга бир жылда жалпысынан 74 дем алыш күн берилиши мүмкүн)

Учурда мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын көпчүлүгү мектепке чейинки билим берүү адистиги болбогондуктан, иш кагаздарын жүргүзүүдө кыйынчылыктар болуп жатат жана ар башка болуп, бирдиктүү системага салынып жүргүзүлбөгөнү практикада кездешүүдө.

Бул көйгөйдү чечүү максатында мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын адистеринин суроо-талап-

тарынын негизинде тарбиячылардын иш кагаздарын камтыган журнал иштелип чыгып, Ош билим берүү институтунун илимий-методикалык кеңешмесинин 2024-жылдын №1 токтому менен жактырылган [7] .

Ошондой эле КР иш кагадарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускаманын талаптары сакталды. Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда башкаруу ишин документтештирүүгө жана документтер менен иштөөнү уюштурууга бирдей талаптарды жөнгө салган принциптердин жана эрежелердин жыйындысын белгилейт [5, 1-б.].

Тарбиячылардын иш кагаздары жөнүндөгү журнал мектепке чейинки билим берүү уюмдарында буга чейин жүргүзүп келген иш кагаздарга негиздеп түзүлдү [6].

Иш кагаздарын ар башка 16 журнал кылбастан, бир журналга бириктирип, ирээти менен коюлган. Ошондой эле, тарбиячылардын иш кагаздарга жумшаган убактысын үнөмдөйт жана бирдей системага түшүрүүгө мүмкүндүк түзүлөт.

Журналдын мазмунун: күн режими, билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын планы (стандарттын негизинде), тайпанын жадыбалы, тарбиялануучулар, ата-энелер жөнүндө маалымат, тарбиялануучулардын соц картасы, катышуу барагы, эртең мененки чыпкалоо (фильтр), балдардын тазалыгын текшерүү (педикулез), тыбыштарды туура айтуу, карантин барагы, баланын өнүгүү картасы, мониторинг жүргүзүү жана диагностикалык картасы, ата-энелер комитети жана ата-энелер чогулушунун протоколдору, ата-энелер мектебинин планы жана алардын катышуу барагы, усулдук барак, балдардын ден соолугун жана өмүрүн коргоо боюнча нускаманы ата-энелерге тааныштыруу журналы, балдардын ден соолугун чыңдоо барагы, тамак-ашка акы төлөөнү жана эмеректерди инвентаризациялоону жүргүзүү түзөт [7, 12].

Учурда журналды Ош облусунун мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячылары колдонуп, практикалап жатышат жана өздөрүнүн оң пикирлерин билдирүүдө. Айрыкча иш тажрыйбасы аз, башка адистиктен келип иштеп жаткан тарбиячыларга усулдук жактан жардам, багыт берилип жатканын айтышса, тажрыйбалуу тарбиячылар иш кагаздарга кетирген убактыларынын көп бөлүгүн балага арнап, иш кагаздары ирээтке келип калганын кубануу менен билдирүүдө.

Бул журналдан сырткары тарбиячы: окутуп-тарбиялоо иштерин пландоону (перспективдык, тематикалык, календарлык), портфолио, өз билимин өркүндөтүү (нормативдик укуктук, усулдук, саясий, жаңы технологиялар, өз ара сабакка катышуу) , жыйнак (копилка) папканы түзүүсү керектиги журналдын биринчи бетинде көрсөтүлгөн [7, 1].

Журналды колдонуунун жыйынтыгын көрүү жана иш тажрыйбасын жайылтуу максатында Ош билим берүү институттун жылдык планына ылайык Ноокат районундагы А.Нарматов атындагы “Кашкалдак” мектепке чейинки билим берүү уюмунда облустук семинар 2025-жылдын май айында өткөрүлдү. Семинарга облустун бардык райондорунан тарбиячылар катышып, иш кагаздарды бириктирген журнал жөнүндө өз ара тажрыйба алмашышты [7].

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдору тарбиячылардын иш кагаздары бирдиктүү системага келип, балдар менен иштөөдө бир топ ыңгайлуу жана жеңилдик болгонун билдиришүүдө.

КР Агартуу министрлиги тарабынан 2025-жылы Ош шаарында болуп өткөн “Алтын казык - доор өзгөрткөн билим” аттуу Август педагогикалык форумунда бул журнал боюнча презентация жасалып, колдоого алынды.

Жыйынтыктап айтканда, тарбиячылардын иш кагаздары жөнүндө түзүлгөн бул журнал тарбиячылар үчүн кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт жана аларды шыктандырат. Мектепке чейинки курактагы балдарды ар тараптан туура өнүктүрүп тарбиялоого оң натыйжа берет. Андыктан бул журналды республикалык деңгээлде жайылтуу максатында КР Агартуу министрлигинин “Окуу китеби” басма үйү менен кызматташуу боюнча иштер жүрүүдө.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты [Электрондук ресурс]. – Режим доступа: https://kao/wp-content/uploads/2025/04

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамы [Электрондук ресурс]. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/112665/edition/1273902/kg

3. Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандарты [Электрондук ресурс]. – Режим доступа: pdf https://share.google/05pGdEv2HWCa4Wf6T

4. Мамбетакунов У.Э Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын директорлору жана методисттери үчүн. Методикалык сунуштар / У.Э. Мамбетакунов, Д.О Кутманалиева // Кут билим. – Б., 5.09.2025. – С. 10-11

5. Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускама [Электрондук ресурс]. – Режим доступа: https://share.google/dtk6l5AAwWEZSu8JA

6. Ага Хан фонду. "MSDSP KG" Коомдук фонду. Билим берүү программасы. Мектепке чейинки жаштагы балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча тарбиячылар үчүн тренингдин материалдары, 2009-ж. – Б., 2009. – С. 64

7. Кудайкулова Ж.А. Тарбиячылардын иш кагаздары. Журнал / Ж.А. Кудайкулова, Г.О. Жороева. – Ош, 2024. – С. 200

8. Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдары жөнүндө жобо [Электрондук ресурс]. – Режим доступа: https://drive.google.com/file/d/1Z21E5DtbCRyX2C2PA8ijYzAvsi7ycEKc/view?usp=drivesdk

9. Кособаева Б.М. Билим берүү мазмунун оптималдаштырууда компетенттүүлүктүн орду / Б.М. Кособаева, Б.Ш. Жакышова, П.Э. Токомбаева // Эл агартуу: XII Эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун материалдары, 2023. Б. – С. 211

10. Исаева А.А. Тарбиячыларга кеп-кеңештер. Усулдук колдонмо / А.А. Исаева. – Б.: 2014. – С. 96


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ
ОШ БИЛИМ БЕРҮҮ
ИНСТИТУТУ
- кесиптик чеберчиликти жогорулатуу
- усулдук жардам көрсөтүү
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбалард
жайылтуу
- облустук билим берүү мекемелеринин
ишин координациялоо
Ош билим берүү институтунун
фейсбук баракчасы
Ош билим берүү институтунун
инстаграм баракчасы